БЕКИТЕМИН
Ош мамлекеттик университетинин
ректору, физика- математика
илимдеринин доктору, профессор
_____________К.Г. Кожобеков

«_23_» ____10______2020-ж.

Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүү технологиялары кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын № 5 протоколунун

**КӨЧҮРМӨСҮ**

Ош шаары 29-октябрь, 2020-жыл

**Катышкандар:**

1. Момуналиев С.М. - педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
2. Сатарова А - педагогика илимдеринин доктору, доцент (13.00.02)
3. Үкүева Б.К. - педагогика илимдеринин доктору, доцент (13.00.02);
4. Шайимкулов О.А. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
5. Раимбердиева З.С. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
6. Кимсанов К.К - педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02);
7. Жороев Т.А. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
8. Турганбаев Н.О. - филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.02.20)
9. Маматова А.М. - улук окутуучу;
10. Жумаев Н.Ж. - ага окутуучу;
11. Камчиева Ж.К. - улук окутуучу;
12. Табалдыева М.Т. - улук окутуучу;
13. Омокеев У.А. - окутуучу;

Жыйындын төрагасы: Момуналиев С., педагогика илимдеринин, доктору, профессор, ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин филологиялык билим берүү технологиялары кафедрасынын башчысы.

Жыйындын катчысы: Камчиева Ж.К. - ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин филологиялык билим берүү технологиялары кафедрасынын улук окутуучусу.

**Күн тартиби:**

1. Изденүүчү Музулманов Мелисбек Узеновичтин «Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүүнүн методикасы» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкуулоо.

**Илимий жетекчиси –** Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич, педагогика илимдеринин доктору, профессор.

Музулманов Мелисбек Узеновичтин диссертациялык ишинин темасы Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2012-жылдын 17-декабрындагы № 4 протоколу менен бекитилген.

**Жыйындын төрагасы:** Диссертациянын негизги мазмунун тааныштыруу үчүн сөз изденүүчү Музулманов Мелисбек Узеновичке берилет.

**Изденүүчү Музулманов М.У.** диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктарын баяндады.

Урматтуу Төрага! Урматтуу кеңейтилген жыйындын катышуучулары! Менин п.и.д., профессор А.Ж. Муратовдун жетекчииги астындагы “Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы” деген темам 2012-жылдын 17-декабрында Ош МУнун окумушутуулар кеңешинин №4 протоклонуну негизинде бекитилген.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргызстанда ааламдашуунун таасиринен улам жаш адамдын руханий-маданий дүйнөсүндө, аң-сезиминде «батыштык» таасирлер күчтүү көрүнүп, мектеп окуучуларынын китеп окууга, анын ичинде адабий чыгармаларга кызыгуулары кескин төмөндөп кетти. Окуучулардын билимин баалоо боюнча эл аралык изилдөө борбору (PISA) Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү программасынын алкагында 2000-жылдан бери үч жылда бир жолу сунуш кылынган өлкөлөрдүн айрым мектептериндеги 15 жаштагы окуучуларынын билимин жана ошол алган билимдин негизинде жетишилген компетенттүүлүктөрүн изилдеп, окуучулардын окурмандык кызыгууларын жана сабаттуулугун текшерген, анын жыйынтыгында 2006-жылы 57 мамлекеттен 57-орунду, 2009-жылы 65 мамлекеттен 65-орунду ээледик. Эл аралык эксперттер Кыргызстанда 15 жаштагы окуучулардын 16,8 пайызы гана окуганын түшүнөт жана түшүнгөнүн айтып бере алат, калганы же такыр окуй албайт, окуганы да эмне окуп жатканын стандартка ылайык түшүндүрүп бере албайт деген жыйынтыкка келишкен.

Бул көрүнүштүн бир катар себептери бар. Алар, биринчиси, китеп жазуу, басып чыгаруу, элге жеткирүү тармагынын мамлекеттик колдоодон ажырап калышы; экинчиси, «массалык маданияттын» таасиринин улам китеп окууга

кызыгуунун төмөнкү деңгээлги түшүп калышы; китеп окууга үгүттөө жумуштарынын солгундугу ж.б. Алардын катарында мектептеги адабият сабактарында, класстан тышкаркы учурларда китеп окууга кызыктыруунун, китеп менен иштөөнү уюштуруунун, өткөрүүнүн методикасынын иштелип чыкпагандыгы да себеп болот.

Бул багытта классикалык педагогдордун жана жазуучулардын (Ш.А.Амонашвили, В.Г.Белинский, Н.А.Добролюбов, А.М.Горький, Я.А.Коменский, Н.С.Крупская, А.С.Макаренко, В.А.Сухомлинский, Л.Н.Толстой, К.Д.Ушинский, Н.Г.Чернышевский ж.б.) эмгектеринде китеп окуунун адам турмушундагы маанисине өзгөчө басым жасалган.

Кыргыз адабиятын окутуу методикасы боюнча адистер (Б.Алымов, Б.М.Акматов, К.К.Акматов, С.Т.Батаканова, С.О.Байгазиев, К.Иманалиев, Н.Ишекеев, Н.Кангелдиев, Ү.Б.Култаева, Т.Молдогазиев, С.Момуналиев, А.Ж.Муратов, С.К.Рысбаев, Б.К.Оторбаев, Д.Саалиева, А.Т.Саттарова, А.Турдугулов, В.Шнейдман ж.б.) жана мектеп мугалимдери (Б.Батыркулов, Б.Исаков, А.Сманбаев ж.б.) класстан тышкаркы окуу, анын методикалык жагдайлары тууралуу өз эмгектеринде аз да болсо токтолуп өтүшкөн, бирок алардын изилдөөлөрү ырааттуу, атайын максаттуу жана бир багыттуу болгон эмес.

Казак адабиятын окутуу методикасында Т.К.Жумажанованын «Научно-методические основы внеклассной работы по казахской литературе» аттуу темада докторлук диссертациясы, орус адабиятын окутуу боюнча Н.А.Бодрованын «Методика организации и проведения уроков внеклассного чтения по литературе в старших классах средней школы» деген эмгектери орто мектептерди класстан тышкаркы окуунун методикасына арналып жазылган.

Тема боюнча илимий адабияттарды талдоо, эмпирикалык байкоолор, биздин педагогикалык тажрыйбабыз бул багытта бир топ *карама-каршылыктар* орун алып келе жаткандыгын көрсөттү, алар: биринчиси, окуучулардын адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик, социомаданий, этномаданий компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда класстан тышкаркы окуу эң маанилүү факторлордун бири болсо да чыгармачылык бул процесс азыркы мектеп практикасындагы формалдуу жүргүзүлүп, анын себептери ачылбай келгендегинде; экинчиси, класстан тышкаркы окутуу боюнча методисттердин эмгектери, мугалимдердин тажрыйбалары аздыр-көптүр болсо да, бул иштердин атайын максатта изилденип чыкпагандыгы, илимий-теориялык жактан жыйынтыкталбагандыгы; үчүнчүсү, кыргыз адабияты мугалимдери үчүн өтө зарыл болсо да, класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүнүн методикалык негиздеринин дүйнөлүк педагогиканын жетишкендиктерине таянуу менен заманбап технологиялары иштелип чыкпагандыгы ж.б.

Биз изилдөөбүздө кыргыз адабиятын окутуунун мамлекеттик стандарты, окуу программасы өзгөчө маани берген, бирок, кыргыз педагогикасында колго алынбай

жаткан темага – кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окуунун уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасын карап жаткандыгыбыз да ушул **актуалдуу** тема менен шартталды.

**Изилдөөнүн максаты** – мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикалык негиздерин иштеп чыгуу, аларды колдонуунун жолдорун жана ыкмаларын аныктоо, тажрыйбада текшерип көрүү жана практикага сунуштоо.

**Изилдөөнүн милдеттери**:

1. Темага ылайык философиялык, педагогикалык, психологиялык, социологиялык ж.б. теориялык-методологиялык адабияттарды анализдөө, кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун, өткөрүүнүн жалпы абалын жана проблемаларын аныктоо.
2. Кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы жүргүзүлүүчү иштердин мазмунун өркүндөтүүнүн жолдорун сунуштоо.
3. Кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы иштерди уюштуруунун, өткөрүүнүн формаларын, каражаттарын, окуучуларга жеткирүүнүн методикасы иштеп чыгуу жана өркүндөтүүнүн жолдорун сунуштоо.
4. Иштелип чыккан методикалык сунуштардын оптималдуулугун илимий-эксперименталдык жол менен негиздөө.

**Изилдөөнүн объекти** – кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – орто мектептин кыргыз адабияты предметинде класстан тышкаркы окуунун уюштуруп өткөрүүнүн методикасын өркүндөтүүнүн илимий негиздери.

**Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкүдөй божомолдор коюлду жана текшерилди.**

Кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну өткөрүү ишмердүүлүгү бир топ жогорулайт, эгерде:

- класстан тышкаркы окуу ишмердүүлүгү максаттуу өткөрүлсө, анын милдеттери так аныкталса;
- бул ишмердүүлүк педагогикалык-дидактикалык принциптерге таянуу менен өткөрүлсө;
- класстан тышкаркы окуу процесси окуучулардын көркөм чыгарманынын негизиндеги адабий-эстетикалык түшүнүктөрүн жогорулатууга, таанып билүүсүн, көркөм аңдоосун калыптоого багытталса;
- класстан тышкаркы окууда үйрөнүлгөн чыгармалар окуучулардын класста окулган чыгармалар менен байланышта, кыргыз адабиятынын тарыхы, кыргыз тили жана улуттук маданият менен биримдикте үйрөнүлсө;
- көркөм чыгармалар окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн

өстүрүүгө көмөк көрсөтсө;

• окуучулардын адабий текстти дагы тереңирээк түшүнүү деңгээлин жогорулатуу максаты көздөлсө.

Мен илимий ишимдин темасы боюнча ушул эле факультетте дипломдук иш жазганмын. Андан ары мектепте иштеп жүрүп адабият сабагында окуучуларды көркөм-адабий китеп окууга кызыктырууда класстан тышкаркы окуунун орду чоң экендигим байкадым. Ошол күндөн тартып изденип келүүдөмүн.

Илимий ишим негизинен үч баптан турат. 1-бап "Мектептерде класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн теориялык-методологиялык проблемалары жана изилдениш тарыхына обзор" деп аталып, ал 3 параграфтан турат. 2-бап "Класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүү боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору" деп аталып, ал өз ичине 2 параграфты жана 2 под параграфты камтыйт. 3-бап "Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы" деп аталуу менен ал 4 параграфтан жана 3 под параграфтан турат.

Илимий ишимде негизинен орто мектептерде кыргыз адабияты сабагында 5-9-класстарда класстан тышкаркы окууга атайын саат бөлүнгөнү менен анын бирдиктүү бир программасы жок экендигине, кыргыз адабияты сабагы аркылуу окуучуларды китеп окууга кызыктырууда класстан тышкаркы окуунун орду чоң экендигин негизги маселе катары алып, илимий-теориялык, практикалык жактан негиздеп бергенге аракеттендим. Класстан тышкаркы окулуучу чыгармалар үчүн атайын программа сунуштап, анын негизинде хрестоматия иштеп чыгып, эксперименттен өткөрдүк. Ал аркылуу класстан тышкаркы окулуучу чыгармалар тууралуу мугалимдердин түшүнүктөрүнүн кеңейишине, үзгүлтүксүз иш алып баруу үчүн колдонмолор менен иштөөгө мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Класстан тышкаркы мезгилде окуучулардын окуган китептерин тыкыр көзөмөлгө алуу, окуган чыгармаларын талдоого үйрөтүү максатында окурмандын күндөлүгү иштелип чыгып, ал аркылуу бир топ окуучулардын иштери менен тааныштым.

**Практикалык сунуштар**

1. Кыргыз адабиятынан класстан ташкыркы окуу боюнча чыгармачыл мугалимдер тарабынан альтернативдүү программаларды иштеп чыгып, сынактан өткөрүп туруу; бул окуу формасы үчүн зарыл болгон хрестоматияларды, адабият таануу багытындагы эмгектерди жарыялоо жана мугалимдерге жеткирүү; класстан тышкыркы окуу боюнча методикалык колдонмолорду, алдыңкы тажрыйбаларды жыйынтыктаган китептерди чыгаруу ж.б.
2. Биздин диссертация класстан ташкыркы окуу боюнча эң алгачкы эмгек, бул тема ар түрдүү багыттарда дагы тереңдетилет деп ойлойбуз.
3. Автореферат диссертациянын мазмунун толугу менен чагылдырат.Анда окшош берилген кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмелер бар.

**Жыйындын төрагасы:** Изденүүчүнүн мазмундуу баяндамасы үчүн ырахмат. Катышуучуларда изденүүчүгө суроолор бар болсо берсеңиздер.

## ТАЛКУУЛООНУН ЖҮРҮШҮНДӨ ИЗДЕНҮҮЧҮГӨ ТӨМӨНДӨГҮ СУРООЛОР БЕРИЛДИ:

**Жороев Т.А., п.и.к., доцент: Теманын актуалдуулугу жакшы эле белгиленди. Бирок азыркы учурда жаштардын арасындагы дегредацияга адабият сабагынын, анын ичинде класстан тышкаркы окуунун, кандай тиешеси бар?**

**Изденүүчү:** Суроонузга чоң рахмат. Сөзүңүздүн башында белгилеп өткөнүңүздөй, биз дагы теманын актуалдуулугу мына ушунда деп белгиледик. Жаштар арасындагы китеп окуу пайызынын төмөндүгүнө адабият сабагынын анын ичинде класстан тышкаркы окуунун жакшы жолго коюлбагандыгынын да аз да болсо тиешеси бар. Ошондуктан биз класстан тышкаркы окулуучу чыгармалардын программасын, программада камтылган чыгармалардын хрестоматиясын сунуштаганбыз, программа окумуштуулар кеңешинде жактырылып, хрестоматия басмадан чыккан.

Диссертациябыздын киришүү бөлүмүндө класстан тышкаркы окуунун биринчи максатына келсек, ал азыркы ааламдашуу доорунда жаштарды массалык маданияттын терс таасиринен оолактатып, көркөм адабияттын дүйнөсүнө алып келүү деп токтолгонбуз.

**Райымбердиева З.С., п.и.к., доцент**: Мелисбек Узенович, мектептерде класстан тышкаркы окулуучу чыгармаларды окутуунун кандай дидактикалык принциптерин пайдаландыңыз?

**Изденүүчү:** Суроонузга чоң рахмат. Ар кандай эле педагогикалык процесстеги ишмердүүлүк классикалык педагогдор көп кылымдар бою иштеп чыккан жана адамзаттын тарыхында колдонулуп келген дидактикалык талаптар менен байланыштуу.

Класстан тышкаркы окуу – адабий билим берүүнүн бир формасы болгондуктан кыргыз адабиятын окутуудагы дидактикалык талаптар жана принциптер толук сакталат.

*Улануучулук же уланмалуулук принцибинде* класстан тышкаркы окуунун материалдары, окутуу ыкмалары класстын адабият сабагын улантат, адабият курсунун бардык этаптары менен байланышып турат.

*Акыл-эстүүлүк жана активдүүлүк принцибинин* негизинде окуучулар көркөм чыгармаларды талдашат, алардагы окуяларды турмуш чындыгы менен байланыштырат, көркөм адабият искусствонун бир формасы экендигин, искусстводо жалаң эле турмушту турмуштай, болгонун болгондой көчүрүп жазбастан, көркөм фантазия кошуларын дал ушул принциптер менен аңдашат.

*Көрсөтмөлүүлүк принциби* бул окуучулардын адабий чыгармадагы текстти элестүү кабылдоосуна, эске тутуусунун ассоциациялоосуна жакшы жардам берет.

*Ыраттуулук принциби* сабактын жүрүшүн, методикалык системалардын ыраттуулугун камсыз кылат. Көркөм чыгарманы жазууда автор сюжет жана композиция аркылуу ошол чыгармасынын логикалык өнүгүшүн туура алып барып, ыраттуулукту сактайт. Бул нерсе сабакта ошол чыгарманы талдоо учурунда да эске алынат. Ыраттуулукка баш ийип, ыраттуулук сакталат, ошого жараша ыр саптары, куплеттер болот ж.б.

**Момуналиев С.М., п.и.д., профессор:** Окутуунун азыркы заманбап дидактикалык принциптери кайсылар?

**Изденүүчү.** Суроонузга ырахмат! Жогоруда белгилегенден сырткары азыркы заманбап дидактикалык принциптер төмөнкүлөр.

**1.Окутууну гумандаштыруу принциби.** Бул принцип окуу процессинин бардык катышуучуларына сый жана жагымдуу мамилени сунуш кылат. Окуучунун инсанына мажбурлоо жана зомбулук көрсөтүүгө жол берилбейт. Гумандаштыруу принцибин сактоо окуучуларга карата гана эмес, педагогдорго карата да ишке ашырылат.

**2.Вариативдүүлүк жана окутуунун инварианттуулук принциби.** Бул принцип окутуу процессинде заманбап педагогиканын жана дидактиканын алкагында иштелип чыккан жана сунуш кылынган ар кандай инновациялык ыкмаларды колдонууну карайт. Ошондой эле ушул принципке ылайык аймактык жана улуттук өзгөчөлүктөрдөн улам, окутуунун ыкмаларын жана формаларын колдонууга жол берилет.

**3.Прогрессивдүүлүк окутуунун мазмунун тандоонун принциби катары.** Бул принцип окуу процессинде ар бир курак мезгилинин өзгөчөлүктөрү жана муктаждыктары эске алынгандыгына негизделген. Бул анын мүмкүнчүлүктөрүн максималдуу пайдалануу жана окуу процессин эң жогорку кайтарымдуулук жана натыйжалуулук менен жүргүзүү үчүн керек.

**4.Окутуунун мазмунун дифференциациялоо принциби.** Бул принципке ылайык, мугалим билим берүү процессин уюштуруу процессинде ар бир баланын жөндөмүн жана мүмкүнчүлүгүн эске алат, жалпы топ (класс) үчүн оптималдуу окуу ылдамдыгын тандайт. Башкача айтканда, билим берүүнү дифференциациялоо принциби бардык балдардын билим алуу деңгээлине карабастан, алардын окуусуна жана өнүгүүсүнө жагымдуу шарттарды түзүүнү камсыз кылат.

**5.Интеграциялоонун принциби.** Бул принцип баланын курчап турган дүйнөнүн картинасын кабыл алуусунун бүтүндүгүн камсыз кылган, ошондой эле кубулуштар менен объектилердин ортосундагы ар кандай байланыштар жөнүндө түшүнүк түзө турган окуу материалынын ушундай тандоосун жана мазмунун болжолдойт. Мындан тышкары, окутуунун интеграциялоо принциби окутуу сапатын жоготпостон, ар бир студент тарабынан окуу материалын оптималдуу өздөштүрүү үчүн окуу жүктөмүнүн бирдей бөлүштүрүлүшүн камсыз кылат.

**6. Культурологиялык принцип** окуу процессинде мындай шарттарды түзүүнү

камсыз кылат, анын алкагында балдарда жалпы маданияттын өнүгүшү, ошондой эле ар бир бала заманбап маданияттын жетишкендиктери жана анын өнүгүшү жөнүндө жалпы түшүнүк алат. Тренингдин жүрүшүндө балдар ар кандай турмуштук кырдаалда өзүн алып жүрүү маданияты менен гана таанышпастан, ар кандай элдердин маданиятынын өзгөчөлүктөрү менен таанышышат. Мунун бардыгы балага дүйнөнүн жалпы элесин калыптандырууга жана таанып-билүү процесстерин өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.

**Жумаев Н. ага окутуучу:** Метод менен методологиянын өзгөчөлүктөрү кандай деп ойлойсуз?

**Изденүүчү**: Суроонузга рахмат. Метод – окуу процессин ишке ашыруучу ыкма. Ал эми методология – илимий изилдөөнүн алгачкы негизги жоболору, стуруктурасы, функциялары жана методдору жөнүндөгү окуу.

**Сатарова А, п.и.д., доцент:** Класстан тышкаркы окутуунун кандай негизги өзгөчөлүктөрү бар деп ойлойсуз?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат.

Класстан тышкаркы окуунун негизги өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр:

1. Сабак (класстык иш) менен сабактан (класстан) тышкаркы иштердин биримдигинен келип чыгуучу адабий билим берүүнүн бир формасы.
2. Талкууга алынуучу чыгармаларды эркин тандоого укук берилүүчү педагогикалык аянтча.
3. Соңку адабияттын өкүлдөрүнүн чыгармалары менен таанышуунун кеңири мүмкүнчүлүгү.
4. Окуу программаларына, окуу китептерине берилген эркиндик.
5. Окуучунун окурмандык өз алдынчалыгын өнүктүрүүнүн маанилүү фактору.
6. Окурмандык кызыгууларды калыптандыруунун эң мыкты звенолорун бири.

**Кимсанов К.К., п.и.к.**: Класстан тышкаркы окутуу курсу мектеп окуучуларындагы негизги компетенттүүлүктөрдү жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандырууда орду кандай?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат. Билим берүү стандартында бөелгиленген негизги 3 компетенттүүлүктү калыптандырууда класстан тышкаркы окуунун орду чоң. Анткени көркөм чыгарманы окуу менен окуучу маалымат алат, социалдык катнашты туура жүргүзүүгө жана өзүн-өзү уюштуруу жана чечимдерди кабыл алууга багыт алат. Ал эми кыргыз адабиятынын төмөнкү предметтик компетенттүүлүктөрү да калыптанат:

Окурмандык компетенттүүлүк– адабий чыгарманы эстетикалык өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын

ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде өздөштүрүү;

теориялык –адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү;

баалуулук – дүйнө таанымдык компетенттүүлүк – адабиятта чагылдырылган адеп-ахлактык баалуулуктарды жана дүйнө тааным категорияларды түшүнүү, ушул баалуулуктарга өзүнүн мамилесин аныктоо жана негиздөө, гуманисттик адеп-ахлактык позицияларга бек туруу;

адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк – ар түрдүү типтеги дилбаяндарды жана түрдүү жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүк.

**Табалдыева М., ага окутуучу:** Мелисбек Узенович, илимий изилдөөңүздө кайсы окмуштуулардын эмгектерине таяндыңыз?

**Изденүүчү:** Кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окуу ишинин тарыхы түздөн түз орус адабиятын окутуу илими жана практикасы менен байланышат. Ошондуктан төмөнкү орус окумуштууларынын Х.Д.Алчевский, Н.А.Рубакин, А.П.Нечаев, Ц.П.Балталон, Л.В.Благонадежин, О.И.Никифоров, Н.Д.Молдавский, Л.Г.Жабиц, М.Д.Пушкарев, Л.Н.Рожин, Н.А.Бодрова, М.Г. Марацман, М.Г. Качурин, О.Ю. Богдановалардын эмгектерин, ал эми кыргыз адабиятынан болсо кыргыз адабиятынын бардык салым кошуучуларынын эмгектерин пайдаландык. Класстан тышкаркы окуу боюнча негизинен К.Иманалиев, К.Сабаева, С.Рысбаевдердин эмгектерине таяндык.

**Маматова А.М., улук окутуучу:** Педагогикалык эксперимент кайсы мектептерде жүргүзүлдү? Бул менин биринчи суроом.

**Изденүүчү:** Асылкан Маматова, сурооңузга рахмат. Изилдөөнүн эксперименталдык базасы: Ош шаарындагы №18 А.Навои атындагы мектеп-лицей, №17 Ю.Гагарин атындагы мектеп-гимназиясы, Жалал-Абад областындыгы Аксы районуна караштуу №42 Токтогул Сатылганов атындагы мектеп-гимназиясы, Баткен областындагы Баткен районундагы Жусуп Байжигитов атындагы, Ош областындагы Кара-Суу районундагы №19 Тешебай Мусаев атындагы орто мектептери болду.

Биздин педагогикалык эксперименттер 2012-2018-жылдарда 3 этапта өткөрүлдү.

*Биринчи этап – даярдоо этабы (2012-2013-жылдар)* – илимий-педагогикалык жана илимий-методикалык адабияттар методологиялык-теориялык аспектиден иликтөөгө алынды, б.а. методологиялык таяныч болуучу философиялык, тарыхый, педагогикалык, илимий-методикалык, психологиялык, адабият таануучулук ж.б. адабияттар үйрөнүлдү; класстан тышкаркы окуу проблемасынын тарыхы, учурдагы абалы талдоого алынып, илимий божомолу аныкталды.

*Экинчи этап – изденүүчү этабы* (2014-2016-жылдар) – класстан тышкаркы окутуунун методикалык ыкмалары, жолдору, каражаттары аныкталды, анда сунуш кылынган мазмундук-структуралык модель иштелди, мугалимдерге сунуш

кылынган методиканын аргументтүүлүгү, практикалык баалуулугу сыноодон өткөрүлүп, айрым түзөтүүлөр жүргүзүлдү.

*Үчүнчү этап – окутуучу этабы* (2017-2019-жылдар) – педагогикалык тажрыйбалар жайынтыкталып, математикалык-статистикалык метод менен иш аягына чыгарылды, диссертациянын корутундулары жана сунуштар жазылды. Бул калыптандыруучу тажрыйбада класстан тышкаркы окууну жүргүзүүнүн компоненттери, модели, методикасы дагы бир жолу текшерилип, иш диссертация формасына келтирилди.

**Маматова А.М., ага окутуучу:** Экинчи суроом, класстан тышкаркы окуу үчүн атайын программа сунуштадык деп белгилеп өттүң. Класстан тышкаркы окууга сунушталуучу чыгармаларды тандоодо кандай критерийлерге токтолдуңар же кандай критерийлердин негизинде чыгармаларды сунуштадыңар?

**Изденүүчү:** Суроонуз үчүн ырахмат

Класстан тышкары окуунунун материалдарын тандоонун критерийлери төмөнкүлөр болуп эсептелди:

- сунуш кылынган чыгарманын тарбиялык жактан маанилүүлүгү, жалпы адамзаттык, улуттук нарктуулукка ылайык келерлиги, гуманисттик бийик ойлорунун орун алгандыгы;
- чыгарманын көркөм-эстетикалык салмагынын бийиктиги;
- тандалган чыгармалардын кыргыз тилин үйрөнүүгө көмөктөшүү үчүн мүмкүнчүлүгү бар экендиги, тилдик байлыктарынын молдугу жана окуучуларга ылайыктуулугу;
- чыгармалардын тек, түр, жанр, тематика боюнча көп түрдүүлүгү;
- чыгармаларды тандоодо кыргыз адабиятынын оозеки формасын, ырчылык өнөрдү жана профессионалдуу жазма адабиятты толук эске алгандыгы;
- окутууга тандалып жаткан чыгармалардын балдардын курак өзгөчөлүгүнө, окурмандык кызыгууларына, кабыл алуу ыңгайына ылайык келерлиги;
- үйрөнүлүүчү чыгарманын кыргыз элинин этномаданий, этнопедагогикалык, этнографиялык өзгөчөлүктөрүн көбүрөөк жана туура чагылдырышы ж.б.

Класстан тышкары окуунунун *материалдарын тандоонун, жайгаштыруунун негизги принциптери:*

- чыгармалар өтө татаалдаштырылбай, окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө, кызыгууларына ылайык сунуш этилет, бул принцип мугалимдин ишин бир топ жеңилдетет жана окуучулардын өздөштүрүүсүнө жакшы шарттарды түзүп берет;
- материалдар улуттук рухту, этномаданий мурастарды сиңдирүүгө көмөктөшүү кызматын аткарат;
- чыгармаларды тандоодо көбүнчө кыргыз элинин этнографиялык өзгөчөлүктөрүн туура көрсөткөндөрү, этнопедагогикалык баалуулугу болгондору, кыргыз жергесинин пейзаждык сүрөтүн сөз менен жакшы тарткандары биринчилерден болуп иргелип алынат;

• айрым чоң чыгармалардан (поэма, роман, повесть, көлөмдүү аңгеме) үзүндү гана тандалып сунушталса, чакан ырлар, аңгемелер толук сунушталат;

• окуу материалы катары кыргыз адабиятынын тарыхы терең окутулбайт, башкысы бул предметтен мектептин негизги курсунда (5-9-класстар) сөз өстүрүү үчүн адабий тексттер гана тандалып алынат;

• материалдар хрестоматия-окуу китеби тибинде түзүлөт (жазылат), б.а. бардык класстарда көркөм чыгармалардын тексттери сунуш кылынган саатка ылайык окуулуктарга киргизилет.

• Материалдарды окутууда сабактарда текстти талдоо учурунда эң көп жумуштар ошол тексттеги көркөм сөз каражаттарын үйрөнүүгө жумшалат. Демек, монологдук жана диалогдук речтерди талдоо, автордун баяндоо, ой жүгүртүү, сүрөттөө стилдерин аңдап билүү, ыр түзүлүшүн анализдөө, чыгарманын тилин ар тараптан изилдөө, тааныш эмес сөздөрдүн лексикалык маанилерин ачуу, сүйлөмдөрдүн стилистикалык түзүлүшүн байкоо сыяктуу тилдик жумуштар жүргүзүлөт.

**Шайимкулов О.А., п.и.к., доцент:** Изилдөөңүздө кандай теориялык методдор аркылуу иш алып барылды. Ушул тууралуу оюңузду уксак.

**Изденүүчү:** Олжобай Акматович суроонузга ырахмат. Изилдөө ишинде коюлган максаттарга, милдеттерге, жалпы эле теманы ачып берүүнүн өзгөчөлүктөрүнө ылайык төмөнкүдөй теориялык методдор тандалды.

***Аңгемелешүү методу.*** Бул методду биз топтор менен жана индивидуалдуу формада жүргүздүк. Ал аркылуу жалпы класс, жалпы бир муун окуучулар, ошол эле жеке окуучу кайсыл чыгармаларга кызыга тургандагы аныкталды, кайсыл автор азыркы балдардын сүйүктүү жазуучусу экендиги билинди, окуучулардын класстан тышкаркы окуусу кайсыл мектепте кандай жүргүзүлө тургандыгы дайын болду.

***Окуучулардын жазуу жумуштарын анализдөө.*** Бул багытта эки жүздөн ашык эссе, дил баян, реферат, окуган китептерге рецензия, аннотация талдоого алынды.

Булардан сырткары окурмандык биография, окурмандык күндөлүк, китепканалык формулярларды үйрөнүү методу, анкеттөө методу, анализ жана синтез, жалпылоо жана системалаштыруу, типологиялык байланыш түзүү, интеграциялоо методдору пайдаланылды. Булардын ичинен окурмандык күндөлүк боюнча атайын колдонмо да иштелип чыгып, иштин жыйынтыгы катары мектеп мугалимдерине сунушталды.

**Жыйындын төрагасы:** Азыркы сөз диссертациялык иштин рецензенттерине берилет.

## ЧЫГЫП СҮЙЛӨГӨНДӨР:

**Үкүева Б.К., п.и.д., профессор:** Эгер уруксат болсо, алгачкы сөздү мага берсеңиздер. Мен диссертацияны абдан кылдаттык менен окуп чыктым. Тема

актуалдуу. Илимий-теориялык маалыматтарга бай, диссертант аябай эмгектенген, ынанымдуу жазылган. Диссертациялык иштин мазмундук структурасы ырааттуу түзүлгөн. Илимий иш негизинен үч баптан турат.

1-бап "Мектептерде класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн теориялык-методологиялык проблемалары жана изилдениш тарыхына обзор" деп аталып, ал 3 параграфтан турат. Анда темага байланыштуу илимий-теориялык аныктамаларга, жоболорго анализ жасалат.

2-бап "Класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүү боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору" деп аталып, ал өз ичине 2 параграфты жана 2 под параграфты камтыйт.

3-бап "Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы" деп аталуу менен ал 4 параграфтан жана 3 под параграфтан турат. Аталган бапта илимий иштин негизги-дидактикалык каражаттардын жардамы менен канчалык деңгээлде класстан тышкаркы иштерди уюштуруунун жана өткөрүүнүн инновациялык методикасы колдонулгандыгы кенен масштабда так аныктама, так-көркөм аргументтүү мисалдар менен тастыкталып көрсөтүлгөн. ЖАКтын жобосуна ылайык ар бир баптын корутундусу берилген.

Жалпы диссертациялык иш -179 беттен туруп, анын ичинен накта диссертациянын көлөмү 151 бетти түзүп, жалпы жыйынтыктар жана практикалык сунуштар, пайдаланылган адабияттарды бириктиргенде – 179 бетти түзөт.

Негизинен, иштин мазмуну толук кандуу, мыкты деңгээлде жазылган. Бирок иштеги аталган жетишкендиктерге карабастан мазмундук структурасына айрым толуктоолорду киргизсек, иштин илимий-теориялык жана методикалык, структуралык биримдиги сакталып, иштин илимий деңгээли мындан да жогоруламак деп эсептейм. Аларга токтолуп кетейин:

1. 1-бапта – традициялык максатта колдонулуп жүргөндөй, диссертациянын ички мазмунун негиздеген илимий-теориялык аныктамаларга, жоболорго анализ жасалгандыгы туура.
2. 2-бапта – илимий иштин мазмундук, тематикалык, методикалык негизгинин ачылуусунун зарылдыгы камтылыш керек, ал процесс – дидактикалык каражаттардын жардамы менен ишке ашат. Андай болсо, бул мазмундук негиз иштеги "Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы" деп аталган 3-бапта илимий иштин негизги-дидактикалык каражаттардын жардамы менен канчалык деңгээлде класстан тышкаркы иштерди уюштуруунун жана өткөрүүнүн инновациялык методикасы колдонулгандыгы менен машстабда так аныктама, көркөм аргументтүү мисалдар аркылуу тастыкталып көрсөтүлгөндүгүн биз жогоруда белгилеп өттүк. Демек, бул жерде эки баптын (2,3түн) орун алмашышы илимий иштин структуралык түзүлүшүнүн толук кандуулугуна алып келет. Жана ал зарылдык болуп эсептелет.

Булардан сырткары диссертациянын илимий аппаратын ЖАКтын жобосуна ылайыктыштыруу зарылдыгын (сноскалар, таблицалар, адабияттарды жазуу), айрым абзацтарындагы стилдик каталарды карап чыгуу керектигин белгилеп өтөмүн.

Мындан сырткары авторефератка дагы бир топ техникалык өзгөртүүлөрдү киргизип, ондоп коюу керек.

Жогоруда мен белгилеген сунуш-пикирлер илимий иштин ички мазмундук деңгээлине доо кетирбегендиктен, ошол эле мезгилде бул сунуштарды сөзсүз эске алуунун керектигин белгилөө менен диссертация ЖАКтын жобосуна ылайык жазылган деп эсептеп, ишти коргоого сунуш кыламын.

**Кимсанов К.К., п.и.к.**: Мен да диссертацияны карап чыктым. Жазуу жүзүндө пикирим да бар, аны диссертантка беремин. Учур талабына ылайык маселени көтөргөн. Аталган темадагы диссертациялык иш үч баптан туруп өз алдынчы параграфтарга бөлүнгөн жана ар бир бапка өз алдынча корутунду чыгарылган, тиркемелер берилген.

Диссертант өзү – практик мугалим. Ишти көп жылдан бери мектепте иштеп жүрүп жазгандыгы, кыргыз адабиятынын колго алынбай же өтө маани берилбей жүргөн бөлүмү боюнча атайын программа сунуштап, анын негизинде класстан тышкаркы окулуучу чыгармалардын хрестоматиясын түзүп иштегендиги иштин жетишкендиги деп эсептейм. Ишти бүткөн, даяр иш катары эсептеп, аны коргоого алып чыгууга сунуштайм.

**Момуналиев С.М., п.и.д., профессор:** Ишти бүткөн илимий эмгек катары саноого болот. Иликтөө ЖАКтын диссертациялык изилдөөлөргө койгон талаптарына жооп берет. Материал көп берилип, кенен иштелгендиги байкалып турат, баяндамада көрсөтмөлүү слайд, таблица-схемалар даярдалып көрсөтүлдү. Негизинен, иштин мазмуну илимий теманын мазмунуна толук жооп берет. Бирок иштин сапатын жогорулатуу максатында төмөнкү сунуштарды көрсөтүүгө болот. Колдонулган адабияттардын саны көп берилип калган. Иштин актуалдуулугу бир аз кыскартылса, изилдөөнүн обьектин, предметин карап чыгуу керек. Албетте, бул биринчи талкуу. Мындай мүчүлүштүктөр болот, табигый иш. Диссертанттын ишин өз алдыча аткарылган, бүткөн иш катары эсептейм, милдеттер аткарылып, жыйынтыктар алынган.

Жыйынтыктап айтканда, Музулманов Мелисбек Узеновичтин иши 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адисиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган иш катары Жогорку аттестациялык комиссиянын талаптарына жооп берет, аны коргоого алып чыгууга сунуштайм.

**Шайимкулов О.А., п.и.к., доцент:** Диссертация абдан мазмундуу жазылган. Илимий эмгектеринин саны жетишээрлик. Бишкек, Ош шаарларындагы ЖОЖдордо уюштурулган илимий-практикалык конференцияга темага байланыштуу илимий баяндамалары менен катышып жүрөт. Негизинен

иштин мазмуну алынган илимий теманын мазмунуна толук жооп берет. Айтайын дегеним, кээ бир жерлерде техникалык каталар кетип калган, ошолорду оңдоп койсоңуз. Диссертацияны бүткөн иш катары коргоого сунуштоого болот, сиздерди да колдоого чакырамын. Диссертантка ак жол каалаймын!

**Жороев Т.К., п.и.к., доцент:** Теманын актуалдуулугунда шек жок. Иш ЖАКтын койгон талабына жооп берет. Изденүүчүнүн тынымсыз иштеген аракети көрүнүп турат. Стилдик каталарды дагы бир жолу көздөн өткөрүп, карап чыкса деп ойлоймун. Айтылган сунуш диссертациялык иштин деңгээлине шек жаратпайт. Ийгилик каалаймын!

**Сатарова А., п.и.д., доцент:** Диссертация ЖАКтын талабына жооп берет. Эмгекти окуганда теория да, практика да камтылгандыгы менен өзгөчөлүгүн байкоого болот. Тема актуалдуу. Мектепте класстан тышкаркы окуунун уюштуруунун жана окутуунун методдору, технологиялары жеткиликтүү берилген деп айта аламын. Бул ишти бүткөн иш катары саноого болот. Изденүүчүгө ийгилик каалоо менен, ишти коргоого сунуш кылам.

**Жыйындын төрагасы:** Анда дагы чыгып сүйлөөчүлөр жок болсо, диссертанттын жыйынтыктоочу пикирине кезек берели.

**Изденүүчү М.У. Музулманов:**

Урматтуу катышуучулар! Биринчиден, бардыгыңыздарга менин диссертациялык ишимди талкуулоого активдүү катышып бергениңиздер үчүн, ошондой эле баалуу ой-пикир, сунуштарыңыздар үчүн чоң ыраазычылык билдиргим келет. Диссертациялык кеңеште жактоого чейин сиздердин берген сунуштарыңызды эске алууга аракет кылам. Рахмат.

Музулманов Мелисбек Узеновичтин **«Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы»** деген темадагы 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча

**БҮТҮМ:**

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу:** Кыргыз адабиятын окутуунун методикасында эң алгачкы жолу класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүүнүн методикасы заманбап педагогикалык талаптарга ылайык аныкталды; класстан тышкаркы окутуунун мазмунун өркүндөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрү ачылды; окуучулардын класстан тышкаркы окуу процессинде ээ болуучу адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөргө жетишүүнүн жолдору көрсөтүлдү; окуучулардын окурмандык кызыгууларын класстан тышкаркы окутуу аркылуу жогорулатуунун технологиялары иштелип чыкты; класстан тышкаркы окутууну уюштуруунун жана өткөрүнүн методикасы

адабият курстарынын баскычтарына, окуучулардын курак өзгөчөлүктөрүнө ылайык чагылдырылды; сунуш кылынган заманбап методикалык ыкмалар, жолдор, каражаттар тажрыйбалык-эксперименттик иштин жыйынтыктарынын негизинде текшерилип, натыйжалуу деп эсептелингендери практикага сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Илимий ишибиздеги методикалык сунуштар кыргыз адабияты боюнча окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду түзүүдө, университеттердин «Кыргыз адабиятын окутуу» дисциплинасынын мазмунун өркүндөтүүдө, мектеп мугалимдеринин адистигин жогорулатуу курстарында, мугалимдердин чыгармачылык ишмердүүлүгүн көтөрүүдө пайдаланылышы мүмкүн. Диссертацияда коюлган милдеттердин жыйынтыктары окуучулардын окурмандык кызыгуусун, адабий көркөм табитин жогорулатууга жардам берет.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** Класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүү соңку шарттарга жана талаптарга ылайык кыргыз педагогикасында эң алгачкы жолу иштелип, ал сунуштар педагогикалык экспериментте жеке өзүбүз тарабынан текшерүүдөн өткөрүлдү жана мектеп мугалимдерине сунушталды.

**Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын жана жыйынтыктардын ишенимдүүлүгү, сунуштардын негизделүү даражасы:**

Изденүүчүнүн жалпылоолору, корутундулары жана сунуштары проблеманы чечүүгө карата мамиленин теориялык-методологиялык негизделгендиги, изилдөөнүн илимий аппаратынын тандалып алынган изилдөө методдоруна шайкеш келгендиги, илимий булактарга анализ жүргүзүү жана аларды практика жүзүндө колдонуу, педагогикалык - тажырыйбалык иштин натыйжалары, изилдөөнүн милдеттерине шайкеш келген изилдөө ыкмаларынын комплексин айкалыштыруу менен камсыз кылынат.

**Диссертациялык иштин адистикке ылайык келиши:** Изилдөөдө мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окуунун уюштуурунун жана өткөрүүнүн методикасын теориялык жактан негиздөө жана аларды практикага киргизүүнүн жолдору иштелип чыккан. Ошондуктан "Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну **уюштуруунун** жана өткөрүүнүн методикасы" аттуу темадагы диссертациялык иш 13.00.02. - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистигине туура келет.

**Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары төмөнкү эмгектерде чагылдырылган:**

1. М.Музулманов Класстан тышкаркы окуунун уюштурунун педагогикалык шарттары // И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик унтверситетинин жарчысы.- 2017. № 1 - 83-87.- бб.

2. М.Музулманов Мектептерде класстан тышкаркы окуунун уюштуруунун жана өткөрүүнүн методологиялык негиздери// И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик унтверситетинин жарчысы.-2017. № 1 - 80-83.- бб.

3. К.Акматов, М.Музулманов Кыргыз адабияты. Класстан тышкаркы окулуучу чыгармалардын хрестоматиясы. 5-9. –Бишкек: 2017.

4. М.Музулманов Кыргыз адабияты сабагында класстан тышкаркы окууну уюштуруунун айрым маселелери // И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик унтверситетинин жарчысы.-2017. - № 1.- 233-237.- бб.

5. М.Музулманов 8-9-класстарда класстан тышкаркы окууну өткөрүүнүн методикалык өзгөчөлөлүктөрү // И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик унтверситетинин жарчысы.-2018. № 2- 73-77.- бб.

6. М.Музулманов Класстан тышкаркы окууну уюштуруунун изилдениш тарыхы // ОшМУ жарчысы.-2019. - № 3.- 221-227.- бб.

7. Акматов К.К., Муратов А.Ж., Музулманов М.У (2019). Effective Methods and Techniques of Study of Autobiographical Fiction in Senior Forms of a Secondary School. Journal of History Culture and Art Research, 8(2), 102-113. doi:http://dx.doi.org/10.7596/taksad.v8i2.2152

8. Музулманов М.У., Маматова А., Раимбердиева З Внеклассное изучение образа учителя в романе Жуная Мавлянова “Ясное небо”. Бюллетень науки и практики - 2020.-№2. С. 302-309

Жогорку айтылгандардын негизинде бүтүм добушка коюлду.

**Макул”- (12), “Каршы”- жок, “Калыс”- жок.** Бүтүм бир добуштан кабыл алынды.

Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүү технологиялары кафедрасынын кеңейтилген отуруму М.У Музулмановдун “Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы” темасындагы 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине болгон талкуунун негизинде жыйын

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Музулманов Мелисбек Узеновичтин «Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы» аттуу кандидаттык диссертациясы боюнча бүтүм бекитилсин.

2. Музулманов Мелисбек Узеновичтин «Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы» темасындагы 13.00.02.- окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы коргоого сунуш кылынсын.

**Жыйындын төрагасы,**
**п.и.д., профессор:** С. Момуналиев

**Жыйындын катчысы, :** Ж. Камчыева

Ош МУ
Тастыктаймын
20____ж. «_____»___________
Кадрлар бөлүмүнүн
башчысы Турдубаева Г.